DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Амирова К.А.*

# ИСЛАМ УКУГУНДАГЫ ҮЙ-БҮЛӨ МАМИЛЕЛЕРИ

*Амирова К.А.*

# СЕМЕЙНЫЕ ОТНОШЕНИЯ В ИСЛАМСКОМ ПРАВЕ

***K.A. Amirova***

# FAMILY RELATIONS IN ISLAMIC LAW

*УДК: 347.6*

*Бул макалада ислам дининдеги үй-бүлө куруудагы негизги максатты көрсөтүү менен үй-бүлөнүн баалуулугун түшүндүрүү. Үй-бүлө жөнөкөй айтылганы менен анын канчалык чоң мааниге ээ экенин таанып билүү. Коомдо үй-бүлө курууда мыйзам жана диний эрежелер менен жөнгө салып корголп койгон. Маалым болгондой коомубуздун негизги звеносу. Үй-бүлө бул кичинекей мамлекет. Мамлекеттин өсүп өнүгүшү үй-бүлөдөн экендиги талашсыз. Коомдогу мамилелер баалуулуктар каадасалтты, үй-бүлө менен байланышкан. Ислам дини адамдарга үй-бүлө курууда максат кылынган натыйжаларга жеткирүү жолдорун, методун, мыйзамдарды жана өлчөмдөрдү эң мыкты даражада, жеткиликтүү аныктап койгон. Адам баласынын дүйнө таануу табияты: сүйүү, намыс, уяттуулук, тектүүлүк сыяктуу ыйык түшүнүктөр үй-бүлөдө калыптанат. Бул улуу түшүнүктү ар бир үй-бүлө курган адам баласы билүүсү зарыл экендиги көрсөтүлөт.*

***Негизги сөздөр:*** *үй-бүлө, ислам, дин, мыйзам, када-салт, эреже, үрп-адат, мамлекет, коом, сүйүү.*

*В этой статье объясняется ценность и важность семьи, указывается основная цель брака в исламе. В обществе брак регулируется и охраняется законом и религиозными нормами. Как известно, это главное звено в нашем обществе. Семья - небольшое государство. Несомненно, рост и развитие государства происходит от семьи. Отношения в обществе связаны с ценностями, традициями и семьей. Ислам четко определил пути, методы, законы и критерии, по которым люди могут достичь желаемых результатов в браке. Природа мировоззрения человека: в семье формируются такие сакральные понятия, как любовь, честь, скромность, благородство. Показано, что это великое понятие должно быть известно каждому женатому человеку.*

***Ключевые слова:*** *семья, ислам, религия, закон, традиция, правила, обычаи, государство, общество, любовь.*

*This article explains the value and importance of the family, indicates the main purpose of marriage in Islam. In society, marriage is regulated and protected by law and religious norms. As you know, this is the main link in our society. The family is a small state. Undoubtedly, the growth and development of the state comes from the family. Relations in society are connected with values, traditions and family. Islam has clearly defined the ways, methods, laws and criteria by which people can achieve the desired results in marriage. The nature of a person's worldview: such sacred concepts as love, honor, modesty, and nobility are formed in the family. It is shown that every married person should know this great concept.*

***Key words:*** *family, Islam, religion, law, tradition, rules, customs, state, society, love.*

Адам баласын жашоосун үй-бүлөсү жок бир элестетүү мүмкүн эмес. Жашоого келген кезинен баштап боорукер ата-энелер менен курчалып, келечек жашоосуна мээримдүү жана ишенимдүү жубайды издейбиз. Үй-бүлө куруу – келечек урпактарды мээрим менен өстүрүп тарбиялоо. Бирок азыркы убакта өсүп келе жаткан жаш муундар үй-бүлө жөнүндө ар түрдүү пикирленин билдирүүдө. Акыйката үй-бүлө деген канчалык жоопкерчиликтүү экендигин ар бир адам баласы түшүнүсү зарыл. Үй-бүлө баарына маалым болгондой коомубуздун эң негизги звеносу катары мыйзам, диний нормалар жана үрп-адаттар менен жөнгө салынган. Коомдогу мамилелер баалуулуктар каадасалтты, үй-бүлө менен байланышкан. Үй-бүлө ыйык чеп, үй-бүлөдөн мамлекет курулат. Мамлекеттин өсүп-өнүгүшүнө үй-бүлөнүн ролу чоң мааниге ээ. Келечек урпактарыбызга руханий жана үй-бүлө баалуулугун көрсөтүү менен тарбиялап өстүрүү керек. Баарына маалым болгондой жакшы адам жакшы үй-бүлөдө тарбияланат. Аны менен гана чектелип калбастан коомубуздун өзөгү экендиги анык. Үй-бүлө түзүлүшүн байланышы мыйзамга жана диндеги эрежелерге басым жасалат. Конститутциянын 9-беренесинде “Дин жана бардык диний ырасымдар мамлекеттен ажыратылган. Диний бирикмелердин, дин жана ырасымдардын кызматчыларынын мамлекеттик бийлик органдарынын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат” [1] көрсөтүлгөн. Дин мамлекеттен бөлүнгөнү менен коомчулуктан бөлүнгөн жок. Коомчулукта ислам динин орду дайыма жогору туруу менен моралдык жактан өсүп өнүгүүсүнө көмөктөшөт. Ислам укуктук ченемдеринде адамдардын коомдогу жүрүм-турум нормалары, адеп-ахлактык, этикалык мамилелерин аныктап, ар биринин үй-бүлөдөгү өз милдети, укугу орду менен көрсөтүлүп койулган. Үй-бүлө кодексин 1-беренесинде үй-бүлө мамилелерин жөнгө салуу нике курагына жеткенде эркек аялдын ыктырдуу баш кошуусу, алардын укук милдеттин теңдиги, балдарды тарбиялап өстүрүп камкордук кылуу, эмгекке жарамсыз мүчөлөрүнө кам көрүүсү. Жарандар үй-бүлө мамилесинде алардын улуту, тутунган дини, расалык жана тилдик белгилерине карата чектөөлөргө тыюу салат [2]. Ислам негизинде жана укуктук негизде үй-бүлөдөгү чектөөлөр, жарандардын ден-соолугун анын абройун, мыйзам негизинде үй-бүлө мүчөлөрүн же башка жарандын кызыкчылыгын короо болуп

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



эсептелет. Аял эркектин никедеги тең укуктуулугу Үй-бүлө кодексин 32-беренесинде, ал эми Конституцияда 26-беренсинде тең укуктуулугуна кепилдиги көрсөтүлгөн. Ислам жана мыйзам негизинде да үй-бүлө өтө ыйык жана маанилүү экендигин белгилейт. Исламда нике коомду бузукулуктан сактап, урпакты улоо үчүн жараткан, никесиз жашоого болбойт. Нике менен жашоо үй-бүлөнүн жана үй-бүлөдөгү мамиленин бекем болушун аныктайт. "Нике бардык убакта үй-бүлөнүн негизи болуп, ага исламда өзгөчө маани берилген, ал эми коом жана мамлекет көзөмөлгө алып коргогон" – деп көрсөтөт Р. Мухамедов [3]. Үй-бүлө куруунун негизи адам баласын бакытылуу болуусу, келечек муунду жакшы тарбиялап туягын улоо, адам баласын мындан ары өнүгүп өсүшүн илгерилетүү болуп саналат. Куранда айтылат: " Урпактарды тарбиялап өстүрүү менен жан дүйөнүн тынчтыгына жетүү үчүн кайрымдуу коом болууга, ынтымакта жана тынчтыкта жашоосун көрсөтүү, бул никенин бекем болушу үчүн керек". Исламда аял, эркектин ыктыярдуу баш кошуусу айтылса, үй-бүлө мыйзамында мажбурлап никеге туруу, никенин жараксыздыгына алып келет. Демек исламда жана мыйзамда үй-бүлө курууда өз ыктырдуулугу менен болушун көрсөтөт. Исламдын артыкчылыгы өзүнөн башка адамдын кызыкчылыгын жана жыргалчылыгын жогору коюу ачык көрүнүп турат. Дин менен жашоонун дээрлик бардык тармагында үй-бүлөгө тиешелүү эрежеге, ыйманга тартип менен негизделген. Биз жашап жаткан коом белгилүү мамилелер менен инсандардан турат. Мына ушул бардык социалдык жактан байланыштардын эң маанилүүсү – бул үй-бүлөлүк байланыш. Үй-бүлө коомдун түзгөн пайдубал. Жубайлардын үй-бүлөлүк мамилелерди куруу менен никеге даярдыгы чоң мааниге ээ: мында үй-бүлөдөгү өз ордун туура билүү, бири-бирине жардамдашууга даяр болуусу, жоопкерчиликти сезе билүүсү жана баарлашуудагы жогорку маданияты. Никеге турган жубайлардын мамлесинин эң маанилүүсү бири-бирин урматтоо, капа-кайгыга алып келген аракеттерден алыс болуу. Келечек муунга жакшы адеп-ахлака тарбия берүүнүн башаты үй-бүлө. Бала өз үйүндө угуп, билип көргөндүн баары эсинде калат. Ал айланасында болуп жаткан ар бир нерсени байкап турат, андан кийин аны өзүнүн жүрүм-туруму жана сүйлөгөн сөзү менен көрсөтөт. Демек үй-бүлөдөгү ата-энелер балдарына ар тараптуу жагынан үлгү болушу керек. Себеби баланын коомго болгон ишеними жаш кезинен баштап үй-бүлөсүндө калыптанат. "Үй-бүлө – адамзат үчүн дененин, ички дүйнөнүн да муктаждыгы. Ислам дини адамдарга үй-бүлө курууда максат кылынган натыйжаларга жеткирүү жолдорун, методун, мыйзамдарды жана өлчөмдөрдү эң мыкты даражада, жеткиликтүү тактап, белгилүү бир тартипке салып койгон" – деп айтат окумуштуу, руханий насаатчы Осман Нури Топбаш [4]. Нике - үй-бүлөнүн жаралуусунун негизи болгондуктан, анын жаралышы ар дайым өзгөчө көнүл бөлүнүп, көзөмөлдөнүп дин тарабынан, мамлекет жана коом тарабынан корголуп келе жатканы баарыбызга маалым. "Дин коомдук процесстеринде өзгөчө роль ойнойт, анткени дин адамдардын табиятынан тазалыгын сактоодо, адамдардын ортосундагы бооркердик жана ырайымдуулук мамилелерин түзүүдө маанилүү болушу керек" – деп белгилешкен ислам окумуштуулары. Биздин улуттук идеологияларыбыз биринчи кезекте ата-бабалар, атанын үлгүсү, эненин сүйүүсү. Жогоруда айтылып өткөндөй ислам дини аял, эркектин байланыштарын ыйыктыгын коргойт жана никесиз үй-бүлө курууга жол бербөө менен нике жана үй-бүлө жөнүндө жеңил ойлуулуктан сактайт. Ислам укугунда никени бузуу, үй-бүлө жашоосун улантууда же андан күтүлгөн максатка жетүүгө болбогон учурларда уруксат берилет. Негизинен үй-бүлөлүк мамилелер ислам Дининде руханий, тарбиялык, социалдык-укуктук жана тарыхый аспектик мамилени талап кылуу менен үй-бүлөлүк мамилелерди түзүү жана өнүктүрүү, чындоо негиздерин изилдөө аркылуу жетишет. Албетте ар бир мамлекеттин саясаты-улуттун руханий жактан бийик болусу, адамдык адеп-ахлак аркылуу коомдун социалдык-экономикалык өнүгүсүн камсыз кылуу. Ар бир улуттун кайталангыс руханиятын калыптанышына үй-бүлөнүн орду таасири теңдешсиз, адамдын эң таза сезимдери анын алгачкы түшүнүгү, жашоо жөнүндө элестетүүсү үй-бүлө чөйрөсүндө калыптанат. Баланын дүйнө таануу табияты: сүйүү, намыс, уяттуулук, тектүүлүк сыяктуу ыйык түшүнүктөр үй-бүлөдө калыптанат. Мына ошондуктан баарына маалым үй-бүлө адам баласын калыптанышын негизги пайдубалы. Демек жогоруда айтылгандай адам баласынын пайдубалы үй-бүлөдө калыптанып аны коомго алып чыгары анык. Исламдагы үй-бүлө куруунун негизи ыйык шарты – бул нике болуп саналат. Жубайлардын ортосундагы мамилелер укуктук же экономикалык көз карандылыктын негизинде курулбайт.Үй-бүлө жубайлардын өз ара бири-бирин колдоо менен жардам көрсөтүү үчүн укук милдеттерге ээ. Жубайлардын ортосундагы бири-бирине болгон милдети, ата-эненин балага болгон укук-милдети, баланын ата-энеге болгон укук-милдеттери ислам дининде ачык айкын берилген. Үй-бүлөдө бири-бирин кадырлоо, сабырдуу болуу, кечиримдүлүк менен түшүнө билүү үй-бүлөлүн бактылуу болушун негизги

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



шарты болуп саналат. Деги үй-бүлө куруунун максаты исламда аял, эркек жакшы иштерди кылуу менен артынан пайдалуу эмгек жана жакшы урпактарды тарбиялоо. Мына ошондуктан нике туруу менен үй-бүлө курууга өзгөчө маани берүү менен коомдогу баардык жакшылыктардын башаты үй-бүлөдөн башталышы аныкталган. Ислам дини адам жашоосундагы руханий жана моралдык, диний баалуулуктар менен үй-бүлөнүн руханий жактан бекемделишине оң таасирин тийгизет. Ислам диндеги үй-бүлө принциптерин туура эмес чечмелеп коомдогу аялдарды басмырлоого алып келген жайгайларда жок эместигин кездештирип жүрөбүз. Белгилеп кетүү керек ислам жана шарият талап-тарын жамынып, үй-бүлөдөгү укук эркиндиги басмырлоо менен ислам динин жаман көрсөткөндөр дагы жок эмес. Ар бир өлкөнүн үй-бүлө курууда, мыйзам жана эл аралык укуктук ченемдердин негизинде жана дини жана үрп-адаттары менен байланышкан. Дин жана үрп-адат нормалары мамлекетибиздин улуттук укук системасын шарият жана адат эрежелери менен тыгыз байланышын тан албастыка мүнкүн эмес. “Ислам – адилеттүүлүктүн дини. Дин, ар бир адамдын бүтүндөй коомдун жыргалчылыгы үчүн адамдын муктаждыктарын акылга сыярлык турдө канаттандырууну өзүнүн максаты катары койгон” [5] - деп көрсөткөн Сабир Грижак. Жөнөкөй “Достук” менен аял менен эркектин бирге никесиз жашоосу ислам нормаларга туура келбейт. Чындыгында үй-бүлө коомдун сакталышы үчүн эң чоң мааниге ээ, ошондуктан үй-бүлө куруун максатына көнүл коштук болсо ал коомдун бара-бара жоголушуна алып келет. Макаланын негизги максаты нике, үй-бүлө куруу коомдун алдындагы жоопкерчиликти алуу менен жубайлардын укугун милдеттин билдирип, окууту процессине көнүл бурулуусу зарыл экендигин белгилейт. Азыркы учурдагы үй-бүлөнүн ажырашуусу жөнөкөй гана көнүмүш адатка айланып калды. Турмуш куруп жаткан жаштар гана эмес, ата-энелер дагы үй-бүлө куруунун максатын билбей калышты. Үй-бүлөдөгү баалуулук жоголуп, материалдык баалуулукту жогору койгон мезгил болуп калды десек жаңылыштык болбос. Чындыгында коомубуздагы үй-бүлөнүн кадыр-баркы жоголуп, ажырашуулар жонөкөй эле бир жагдайдагы көрүнүш болуп жатканы өкүндүрөт. Чындыгында үй-бүлөдөгү ажырашуулардын келип чыгышы ата-энесин каалосу менен баш кошкон же болбосо үй-бүлө куруп жашоого даяр эместиги жана үй-бүлөдөгү өз укуктарын милдеттерин билбегендигинен. Үй-бүлөдөгү ажырашуулардын алдын алууда ата-эне үй-бүлөдө исламдагы эрежелер менен жашоосу зарыл, балдарды тарбиялоодо жоопкерчиликти сезүү жана балдардын жүрүм-турумун көзөмөлгө алуу чараларын көрүү керек. Келечек муундардын үй-бүлөдөгү бакыт эмне экенин толук түшүнбөстөн чоңоюп жаткандары бул биздин мамлекет үчүн кооптуу. Келечекте мамлекет болуп сакталып калышыбыз үчүн эң негизги үй-бүлө бекем болуп, коомго пайда алып келе турган келечек урпактарды дин менен тарбиялап мыйзам негизинде көзөмөлгө алып ар тараптуу коргоо керек. Мына ошондо үй-бүлөгө кам көрүү менен мурда пайда болгон бул система нике менен бекемделип, үй-бүлө мамилелериде уланат [6]. Үй-бүлөдөгү мамилелердин өнүгүшү менен үй-бүлө мүчөлөрү бири-бирине мээрим ырайымдуу болуу менен физикалык же моралдык басмырлоого жат болушу керек. Демек үй-бүлө курууда эч кандай мажбурлоосуз, такыбаалык, ыймандуулук, бирин-бири урматтоо жана ата-энеге жакшы мамиле жасоо өмүрлүк жарын тандоо бул негизги принциптери. Үй-бүлөнү курууда алда канча жоопкерчиликтүү, үй-бүлө адамдын ыйманынын чеби.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 5-май 2021-жыл №59.
2. Кыргыз Республикасынын Үй бүлө кодекси 2003-жылдын 30-августу №201 (Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык 17-август 2020-жыл №135)
3. Мухамедов Р. Конституция – основа брачных и семейных отношений. - Т.: Наука, 2001. - С. 14.
4. Осман Нури Тобаш. Китеп: Бактылуу үй-бүлө. - Бишкек, 2018. С.6.
5. Грижак С., Манафов Р. Брак и семейные отношение в исламе. - Стамбул, 2016.
6. Керимов Г.М. Шариат. Закон жизни мусульман. Ответы Шариата на проблемы современности. - М.: СПб.: Диля, 2008. - 512 с.
7. Маматова С.К., Амирова К.А. Социальное обеспечение и ответственность в социальных правоотношениях. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2015. №. 12. С. 113-116.
8. Амирова К.А. Семейная ценность в обществе и ее проблемы. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2020. №. 4. С. 7-9.